С. Исмаилов атындагы орто мектеби

# Ачык сабак

Кыргыз адабият 6- класс

Тема: Төштүктүн жер үстүнө чыкканы

Мугалим: Койчуманова Жүзүмкан

**Кыргыз адабияты.**
**6-класс.**

Б Е К И Т Е М И Н
ОКУУ-ТАРБИЯ ИШТЕРИ БОЮНЧА ДИРЕКТОРДУН ОРУН БАСАРЫ
________________А. Бостонкулова

"24" октябрь

## С А Б А К Т Ы Н П Л А Н Ы

САБАКТЫН ТЕМАСЫ: Төштүктүн жер үстүнө чыкканы
САБАКТЫН ТИБИ: Алган билимдерин чыңдоо сабагы.
КОЛДОНУЛУУЧУ УСУЛДАР: Акыл чабуулу, аналитикалык суроолор.
КОЛДОНУЛУУЧУ БААЛОО УСУЛДАРЫ: Калыптандыруучу, жыйынтыктоочу баалоо.
КОЛДОНУЛУУЧУ КАРАЖАТТАР: Кроссворд, маркер, түшүндүрмө сөздүктөр. Окуу китеби,сүрөттөр.

| Сабактын максаты: | Көрсөткүчтөр: |
|---|---|
| А) Окуучулар эпосту окуп, түшүнүгүн ырааттуу айта алышат. | Эгерде, чыгарманы толук окушса, жана түшүнүгүн айтып беришсе. |
| Б) Алар эпостун негизинде өз оюн эркин, далилдүү айтууга,сөз байлыгын өстүрүшөт. | Эгерде, эпостун сюжетинин негизинде өз ойлорун эркин айтып, далилдей алышса |
| В) Окуучулар өз мекенин коргоого, гумандуулукка, айкөлдүккө, достошууга тарбияланышат. | Эгерде, мекенчилдикке, айкөлдүккө тарбияланышса. |

| Сабактын жүрүшү. | Түшүндүрмө | Убакыт |
|---|---|---|
| Уюштуруу иши: саламдашуу, окуучуларды толуктоо.<br>Жагымдуу маанай: комплимент айтуу.<br>Алтын эрежени эстерине салуу.<br>Жаңы теманы атоо.<br>Сабактын максаты менен тааныштыруу. | Балдардын көңүлүн көтөрүү, сабакка буруу.<br>Тартипти сактоо.<br>Жаңы темага даяроо. | 2м. |
| Үй тапшырмасын текшерүү: Эр Төштүк чыгармасы боюнча, идеялык мааниси тууралуу өз түшүнүктөрүн айтышат. | Колдонуу. | 5м |
| Өткөн теманы кайталоо:<br>1. Эр Төштүк ким болгон?<br>2. Эпосту жаратуучу ким?<br>3. Төштүктүн жер астына түшүшү жөнүндөгү бөлүмдөн силер эмнени түшүндүңөр?<br>4. Төштүккө ашык болгон сулуу кыз ким? | Билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн аныктоо. | 10м |
| Жаңы темага даярдык: Акыл чабуулу:<br>Төштүк жер үстүнө кайра чыга алабы? | Активдештирүү. | 2м |

| | | |
|---|---|---|
| Жаңы тема:<br>Эр Төштүк жер үстүнө чыкканда жолборско жолугат. Ага боорукерлик менен жардам көрсөтөт. Бутундагы тикенекти алат. Андан ары жолун улап, аюуга жолугат. Орго түшкөн аюугажардамын берет.Узак, узак жол жүрүп,уюгу өрттөнүп жаткан кумурскага жолугат. Ага жардам көрсөтүп, баарына дос болот. Ошентип жер үстүнө чыккан Төштүк жоро- жолдоштору көбөйүп, ар биринин жардамы тийет.<br>Өтүлгөн тема боюнча тартылган баракчаларда сөз катылган, ар бир сөз башка өңдөр менен жазылган.<br>1. Керме<br>2. Канжыга<br>3. Паашасы<br>4. Көрөгөч<br>5. Кементай<br>Берилген сүрөттөрдү чечмелөө.<br>Соку, кементай, такыя, ийик, ээр. | Билим.<br>Түшүнүү. | 15м |
| Бышыктоо: Кроссворд менен бышыктоо.<br>1. Эр Төштүк кындан эмнеи суурап алды<br>2. Үйү алоологон жаныбар<br>3. Эр Төштүккө ашык болгон ким<br>4. Бул кандай эпос<br>5. Жаныбарлардын жазында түшө турган жүнү<br>6. Жолборстун бутуна эмне кирди.<br>Тигинен:<br>Эр Тоштүктүн минген аты<br>2. Канча маамытка жолугат.<br>3.Эр Төштүк эпосун белгилүү манасчы ким айткан<br>4.Өзүнүн жанын коргогон ким<br>5.Жолборстун буту эмне болду<br>Аюу кайда жоголду | Талдоо. | 5м |
| Баалоо: Окуучулардын канчалык деңгээлде түшүнгөнүнө жана активдүү катышкандыгына жараша билимдери бааланат. | Сабактагы жыйынтыктын деңгээлин аныктоо. | 5м |
| Үйгө тапшырма: Чыгарманын негизинде эссе жазуу. | Чыгармачылык | 1м |

С.Исмаилов атындагы орто мектебинин искусство жана адабият
секциясынын______________окуу жылынын ______ж.ж.өтүлгөн сабактардын

## Протоколу

Ачык сабак өткөн мугалимдердин аты,жөнү Койчуманова Ж.
Өтүлгөн убагы____________________________
Предмети кыргыз адабияты
Сабактын темасы Жеңишбектин жер үстүнө чыкканы.
Сабакта колдонулган көрсөтмө куралдар түстүү сүрөт, кроссворд.
Сабактын методу________________________________
Сабактын
жүрүшү 1) Уюштуруу
2) Өтүлгөн теманы кайталоо үчүн суроолор
3) Жаңы тема: Түстүү сүрөттөр менен окуучуларды
чыгарманы айтып берүү

1.Катышкан мугалимдердин
сөздөрү: Койчуманова: Темага жараша жаңы-
барлардын сүрөтүн чыгарып, сүрөт менен
сүйлөө аркылуу окуулду. Катышкан жаны-
барлардын кайда жашаганын, алардын
ар биринин ордун окуучулар түзүлгөн
суроолордун негизинде айтып берип
жатышты. Окуучулар билим деңгээлдерине
жараша жооп бериp жатышты.
Чыгармадагы сөз курулушу боюнча окуучулар ойлор-
дун айтышты.
Жаңы теманы өтүүдө сабактын максаты
доскага илинген айтылбай калды. Начар
окуган окуучулар иш алып барган
жокмун. Убакытты туура пайдалан-
багандыктан жетишпей калуу болду.

Секциянын
токтому: Жогоруда чыгарды үчүн жана талкуулоо
үчүн токтом кабыл алынат.
1. Койчумановонын 6-класска өтүлгөн сабагы
„жакшы" деп бааланысын.
„2. Насаатчы мугалимдерден кеп-кеңеш
жана сабактарга көбүрөөк катышып,
кемчиликтерди жоюу.

Сунуштар